КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО
ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ
БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

# ДОБУШ БЕРҮҮ КҮНҮ ШАЙЛОО УЧАСТОГУНДА ИШТИ УЮШТУРУУНУН

# ЭСКЕРТМЕСИ

ЖК ШАЙЛОО ВЫБОРЫ
28.11.2021

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

IFES
МЕЖДУНАРОДНЫЙ ФОНД ИЗБИРАТЕЛЬНЫХ СИСТЕМ

Бишкек-2021

Шайлоо күнү добуш берүү эртең мененки саат 8ден кечки саат 20га чейин жүргүзүлөт. Шайлоо комиссиялары добуш берүүнүн убактысы жана орду жөнүндө шайлоочуларга жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу же башка жолдор менен добуш берүү күнүнө 10 календардык күндөн кечиктирбестен, ал эми кайра добуш берүү учурунда - добуш берүү күнүнө 7 календардык күндөн кечиктирбестен билдирүүгө милдеттүү.

Участкалык шайлоо комиссиясы шайлоо күнү саат 7де шайлоо участогундагы өзүнүн жыйналышында чүчү кулак боюнча комиссиянын мүчөлөрүн аныктайт, алар:

1) оператор менен бирдикте шайлоочулардын электрондук тизмесиндеги жарандарды идентификациялоону жүргүзөт;

2) жарандарды шайлоочулардын кагаз тизмесине каттайт;

3) шайлоо бюллетендерин берет;

4) шайлоочулардын купуя добуш берүү үчүн кабиналарга өтүшүнө, шайлоо бюллетендеринин урналарга түшүрүлүшүнө көзөмөл жүргүзүүнү жүзөгө ашырат.

Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы жана катчысы, ошондой эле автоматтык эсептөөчү урналарды тейлеген участкалык комиссиянын мүчөсү чүчү кулак кармоого катышпайт.

Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн жана байкоочулардын катышуусунда мөөр басылган сейфти ачат, анда ушул участоктун шайлоочуларынын тизмеси, шайлоо бюллетендери жана участоктун мөөрү, ошондой эле добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүүнүн натыйжалары жөнүндө документтерди; сейфтен дагы шайлоочулардын кагаздагы тизмесин, шайлоочулардын электрондук тизмеси бар башка керектүү жабдууларды алып чыгат, шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын санын жарыялайт, андан кийин добуш берүү күнү шайлоочулардын кагаздагы тизмесине шайлоочуларды каттоого жана толтурууга жооптуу участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө таратып берет.

Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө, ошондой эле катышып жаткан байкоочуларга, талапкерлердин, саясий партиялардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө текшерүү үчүн бош урналарды көрсөтөт. Андан кийин автоматтык эсептөөчү урналарга төрага контролдук баракчаларды түшүрөт, аларда шайлоо участогунун номери, автоматтык эсептөөчү урналарга контролдук барактарын түшүрүү убактысы, шайлоо участкасынын

төрагасынын, катчысынын жана башка мүчөлөрүнүн, катышып жаткан саясий партиялардын өкүлдөрүнүн, байкоочулардын фамилиялары көрсөтүлөт, андан кийин урналар шайлоо комиссиясынын мөөрү менен бекитилет (пломбаланат).

Стационардык ящиктер пайдаланылган учурда участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы бош урналарды ушул бөлүктүн биринчи абзацында көрсөтүлгөн адамдарга текшерүү үчүн көрсөтөт. Андан кийин, төрагалык кылуучу добуш берүү үчүн ящиктерге контролдук барактарды түшүрөт, анда округдун аталышы, шайлоо участогунун номери, контролдук барактардын урналарга салынган убактысы, төраганын, катчынын жана участкалык шайлоо комиссиясынын башка мүчөлөрүнүн, катышкан талапкерлердин, алардын өкүлдөрүнүн, байкоочулардын жана саясий партиялардын өкүлдөрүнүн фамилиялары көрсөтүлөт. Контролдук барактарга бул адамдар кол коет жана шайлоо комиссиясынын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт, андан кийин шайлоо ящиктери участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен бекитилет (пломбаланат).

Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы жогору турган шайлоо комиссиясынан алынган шайлоо бюллетендеринин санын жарыялайт. Комиссиянын мүчөлөрү талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн жана байкоочулардын катышуусунда шайлоо бюллетендеринин санын кайра санашат жана жарыялашат, андан кийин комиссиянын төрагасы аларды катышкандарга тааныштыруу үчүн көрсөтөт жана шайлоо комиссиясынын жогору турган шайлоо комиссиясынан алган бюллетендердин санын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдун 2-сабына жана анын чоңойтулган түрүндөгү формасына да жазат.

Шайлоо бюллетендери кайра саналгандан кийин участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы ведомость боюнча 50-100дөн шайлоо бюллетенин участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө өткөрүп берет, алар бюллетендерди алуу үчүн кол коюшат жан а шайлоо бюллетендерин берүүгө жооптуу болушат.

Добуш берүүчү жайда участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү операторлор менен бирдикте шайлоочунун биометрикалык жана (же) жеке маалыматтары боюнча идентификациялоо жасашат, бул үчүн шайлоочунун макулдугу талап кылынбайт.

Ошол эле учурда талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрү жана байкоочулар көрө турган жерде жайгашкан монитордон шайлоочулардын тизмесине киргизилген жарандардын жалпы саны, ошондой эле идентификациядан өткөн жана бул шайлоо участогунда идентификациядан өткөндүгү жөнүндө чек алган шайлоочулардын саны жөнүндө маалымат, идентификациялоодон өткөн шайлоочунун сүрөтү, БШК ыйгарым укуктуу

мамлекеттик орган менен бирдикте аныктаган башка маалыматтар жабдуулардын техникалык мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык көрсөтүлөт.

Шайлоочунун идентификациясынан кийин чек басылып чыгарылат. Чек участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсүнө көрсөтүлөт, ал ага чектин ордуна шайлоо бюллетенин берет.

Добуш берген шайлоочулардын саны жөнүндө маалымат ар бир 2 саат сайын аймактык шайлоо комиссиясына жөнөтүлүп турат. Аймактык шайлоо комиссиясынын системалык администратору келип түшкөн маалыматтарды Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына киргизет жана автоматтык түрдө жарыялайт. Добуш берген шайлоочулардын саны жөнүндө акыркы маалымат берилген чектердин санына жараша БШКга шайлоо участкалары жабылгандан кийин дароо берилет, бирок бюллетендер бар урналар ачылганга чейин жиберилет.

Участкалык шайлоо комиссиясынын чүчү кулак боюнча аныкталган мүчөсү шайлоо бюллетендерин берүүдө шайлоочуну шайлоочулардын кагаздагы тизмесине каттайт, ал шайлоо бюллетенин алганы жөнүндө кол коет.

Ар бир шайлоочу өзү добуш берет, башка шайлоочулар үчүн добуш берүүгө жол берилбейт. Шайлоо бюллетендери шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочуларга шайлоочунун ким экендигин ырастоочу документти жана чекти көрсөткөндөн кийин берилет.

Шайлоо бюллетенин алгандан кийин шайлоочулардын кагаздагы тизмесине шайлоочунун ким экендигин ырастоочу документтин сериясы жана номери киргизилет, шайлоочу шайлоочулардын тизмесиндеги жазуулардын тууралыгын текшерет жана ага кол коет. Бир эле учурда бир нече шайлоо бюллетендери боюнча добуш берүү болгон учурда шайлоочу ар бир бюллетень үчүн кол коет.

Шайлоо бюллетени шайлоочу тарабынан атайын жабдылган кабинада же башка адамдардын катышуусуна жол берилбеген атайын жабдылган башка жерде толтурулат. Кабина же жабдылган жай шайлоо бюллетенин толтурууда шайлоочунун эркинин купуялуулугун жана шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн жана байкоочулардын шайлоочунун аракеттерине көзөмөлдүк кылуу мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен орнотулууга же даярдалууга тийиш.

Жергиликтүү кеңештин депутаттарын пропорционалдык система боюнча шайлоодо шайлоочу шайлоо бюллетенинде тандаган саясий партиясы үчүн же "Баарына каршы" позициясына тиешелүү белги коет.

Мажоритардык система боюнча жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоодо шайлоочу шайлоо бюллетенинде өзү тандаган талапкерге тиешелүү чарчыга же «Баарына каршы» чарчысына белги коет. Шайлоочу добуш бере

турган талапкерлердин саны шайлоо округундагы мандаттардын санынан ашпоого тийиш.

Эгерде шайлоочу шайлоо бюллетенин толтурууда ката кетирдим деп эсептесе, ал шайлоо бюллетенин берген участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсүнө бузулган бюллетендин ордуна жаңы шайлоо бюллетенин берүү өтүнүчү менен кайрылууга укуктуу. Бузулган бюллетень жокко чыгарылып, бул жөнүндө акт түзүлөт.

Шайлоо бюллетенин алууга, шайлоо бюллетенин толтурууга өз алдынча кол кое албаган шайлоочу шайлоо комиссиясынын мүчөсү, талапкер, талапкердин, саясий партиянын өкүлү, байкоочу болуп саналбаган башка шайлоочунун жардамынан пайдаланууга укуктуу.

Толтурулган шайлоо бюллетендери мөөр басылып бекитилген (пломбаланган) урналарга шайлоочулар тарабынан ташталат. Шайлоо бюллетенин шайлоо участкасынан алып чыгууга тыюу салынат.

Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы шайлоо участкасында тартипке көз салат. Шайлоо участкасында коомдук тартип бузулган учурда төрагалык кылуучу укук коргоо органдарынын кызматкерлеринен жардам суроого укуктуу, алар тартипти калыбына келтиргенден кийин шайлоо участогунан чыгып кетүүгө тийиш. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасынын ыйгарым укуктарынын чегинде берилген, шайлоо процессинин катышуучуларынын укуктарын бузбаган көрсөтмөлөрү шайлоо участкасында катышкандардын бардыгы үчүн милдеттүү болуп саналат. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы жок болгон учурда анын ыйгарым укуктарын ушул комиссиянын катчысы же шайлоо комиссиясы ыйгарым укук берген башка мүчөсү аткарат.

Кыргыз Республикасынын жаранынын шайлоо укуктарын ишке ашыруусуна, добуш берүүнүн купуялуулугуна тоскоолдук кылууга аракет кылган участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсү шайлоо комиссиясынын ишине катышуудан четтетилип, ал эми ошондой аракет жасаган байкоочу жана башка адамдар добуш берүү үчүн жайдан чыгарылат. Бул боюнча чечим участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан жазуу жүзүндө кабыл алынат. Мындай учурда комиссия бул адамдарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликке тартуу сунушу менен тиешелүү органдарга кайрылууга укуктуу.

Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер менен ишканалар, ошондой эле алардын кызмат адамдары добуш берүү күнү коомдук коопсуздукту, коомдук транспорттун, байланыш каражаттарынын үзгүлтүксүз иштешин, электр жарыгын жана добуш берүү үчүн жайларды жылытууну камсыз кылууга милдеттүү.

Шайлоо күнү автоматтык эсептөөчү урна иштен чыккан учурда добуш берүү запастагы автоматтык эсептөө урнасын пайдалануу менен жүргүзүлөт. Мындай учурда участкалык шайлоо комиссиясы акт түзөт, ага комиссиянын бардык мүчөлөрү жана катышкан операторлор кол коюшат.

Запастагы автоматтык эсептөөчү урналар иштебей калган учурда добуш берүү стационардык ящикти колдонуунун негизинде жүргүзүлөт. Мындай учурда участкалык шайлоо комиссиясы акт түзөт, ага комиссиянын бардык мүчөлөрү жана катышкан операторлор кол коюшат.

Эгерде бузулуунун натыйжасында алмаштырылган автоматтык эсептөөчү урналардын иштөө жөндөмдүүлүгү добуш берүү күнүндө калыбына келтирилсе, аларды добуш берүүгө пайдалануу үчүн кайра баштоого жол берилбейт.

(КР 2014-жылдын 21-ноябрындагы №158, 2016-жылдын 21-январындагы №8, 2019-жылдын 8-августундагы №117 мыйзамдарынын редакциялары боюнча)

Добуш берүү күнү участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы шайлоо участогуна келген шайлоочулар гана бюллетендерди алып, добуш бере аларын, башкача айтканда, шайлоо участкалары жабылганга чейин саат 20.00гө чейин добуш берүү үчүн келгендер добуш бере аларын билдирет.

Саат 20.00дөн кийин шайлоо участкалары жабылып, добуштарды саноо башталышы керек, ал бир нече этап менен жүрүп, бюллетендер менен иштөө, шайлоочулардын тизмелери менен иштөө, көчмө урналарда бюллетендерди саноо иштери кирет.

Добуштарды түздөн-түз (кол менен) эсептөөнүн алдында УШКнын төрагасы автоматтык эсептөөчү урналар менен добуш берүүнүн алдын ала жыйынтыктарын жарыялайт, бул жөнүндө өзүнчө акт түзүлөт, ал добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго тиркелет жана бардык катышкандарга жарыяланат.

Автоматтык эсептөөчү урналардан добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө маалыматтар участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан саат 20:00дөн кийин, бирок саат 23:00дөн кечиктирбестен жүзөгө ашырылат.

Мөөр менен күбөлөндүрүлгөн автоматтык эсептөөчү урнанын отчеттору, мөөр менен күбөлөндүрүлгөн идентификациянын баштапкы жана акыркы протоколдору, саясий партиялардын талапкерлеринин бардык өкүлдөрүнө, шайлоо участкасында жүргөн байкоочуларга берилет.

Автоматтык эсептөөчү урнанын маалыматтары боюнча добуш берүүнүн натыйжалары менен добуштарды кол менен эсептөө боюнча добуш берүүнүн натыйжалары айырмаланган учурда талапкердин, саясий партиянын өкүлүнүн

же байкоочунун талабы боюнча добуштар кайрадан саналат. Шайлоо бюллетендери алардын түздөн-түз катышуусу менен кайра саналып, алар тарабынан карап, көзөмөл жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк түзүлүп жүргүзүлөт. Бул учурда бюллетендер үн чыгарып кайра саналып чыгат.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө протоколдун биринчи нускасы ага кол коюлгандан кийин шайлоо документтери, анын ичинде шайлоо бюллетендери, шайлоочулардын тизмелери, арыздар (даттануулар), алар боюнча кабыл алынган чечимдер, участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан түзүлгөн актылар, автоматтык эсептөөчү урналардын отчеттору, идентификация боюнча баштапкы жана жыйынтыктоочу отчет, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн жана байкоочулардын коштоосунда участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы тарабынан токтоосуз түрдө округдук шайлоо комиссиясына жеткирилет.

## Бир мандаттуу шайлоо округу боюнча шайлоо бюллетенинин үлгүсү – 36 депутат

Шайлоо бюллетенинде белги тандап алган талапкердин оң жагындагы чарчыга коюлат.

### БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА ШАЙЛОО БЮЛЛЕТЕНИНИН ҮЛГҮСҮ

**Шайлоо бюллетенин толтуруу тартиби:**

Тандаган талапкердин оң жагындагы ☑ бош чарчыга же "Баарына каршы" бош чарчыга тиешелүү белги коюңуз. Белгилердин саны шайлоо округундагы мандаттардын санынан ашык болгон же бош чарчылардын бирине дагы белги коюлбаган шайлоо бюллетени жараксыз деп эсептелинет:

| | |
|---|---|
| 1. Фамилиясы Аты Атасынын аты | ☐ |
| 2. Фамилиясы Аты Атасынын аты | ☐ |
| 3. Фамилиясы Аты Атасынын аты | ☐ |
| 4. Фамилиясы Аты Атасынын аты | ☐ |
| 5. Фамилиясы Аты Атасынын аты | ✓ |
| 6. Фамилиясы Аты Атасынын аты | ☐ |
| 7. Фамилиясы Аты Атасынын аты | ☐ |
| 8. Фамилиясы Аты Атасынын аты | ☐ |
| 9. Фамилиясы Аты Атасынын аты | ☐ |
| 10. Фамилиясы Аты Атасынын аты | ☐ |
| 11. Фамилиясы Аты Атасынын аты | ☐ |
| 12. Фамилиясы Аты Атасынын аты | ☐ |
| 13. Фамилиясы Аты Атасынын аты | ☐ |
| 14. Фамилиясы Аты Атасынын аты | ☐ |
| 15. Баарына каршы | ☐ |

Бюллетенди сүрөткө жана видеого тартууга жана участоктон алып чыгууга тыюу салынат!

Төрага ________________ М.О. Катчы ________________

ҮЛГҮ

# **<u>Бирдиктүү</u> шайлоо округу боюнча шайлоо бюллетенинин үлгүсү – 54 депутат**

Белги саясий партияга тиешелүү чарчыга жана бюллетендин төмөнкү бөлүгүндө партиядан тандап алган талапкердин катар номуру менен чарчыга коюлат.

## БИРДИКТҮҮ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА ШАЙЛОО БЮЛЛЕТЕНИНИН ҮЛГҮСҮ

### Шайлоо бюллетенин толтуруу тартиби:

Шайлоо бюллетенинин биринчи бөлүгүндө тандаган саясий партиянын оң жагындагы бош чарчыга тиешелүү белгини же "Баарына каршы" позициясына белги коюңуз. Биринчи бөлүгүндө бирден ашык белги коюлган же белги такыр коюлбаган шайлоо бюллетени жараксыз деп эсептелинет.

Шайлоо бюллетенинин экинчи бөлүгүндө тандаган саясий партиянын тизмесиндеги талапкердин номери бар бош чарчыга тиешелүү белгини коюңуз. Экинчи бөлүгүндө партиянын тизмесиндеги талапкер үчүн бирден ашык белги коюлган шайлоо бюллетени жараксыз деп эсептелинет.

Бош чарчынын сыртына коюлган белги эсепке алынбайт.

| | |
|---|---|
| 1. Саясий партия | ☐ |
| 2. Саясий партия | ☐ |
| 3. Саясий партия | ☐ |
| 4. Саясий партия | ☐ |
| 5. Саясий партия | ☐ |
| 6. Саясий партия | ☐ |
| 7. Саясий партия | ☐ |
| 8. Саясий партия | ☐ |
| 9. Саясий партия | ☐ |
| 10. Баарына каршы | ☐ |

ҮЛГҮ

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 ☐ | 2 ☐ | 3 ☐ | 4 ☐ | 5 ☐ | 6 ☐ | 7 ☐ | 8 ☐ | 9 ☐ |
| 10 ☐ | 11 ☐ | 12 ☐ | 13 ☐ | 14 ☐ | 15 ☐ | 16 ☐ | 17 ☐ | 18 ☐ |
| 19 ☐ | 20 ☐ | 21 ☐ | 22 ☐ | 23 ☐ | 24 ☐ | 25 ☐ | 26 ☐ | 27 ☐ |
| 28 ☐ | 29 ☐ | 30 ☐ | 31 ☐ | 32 ☐ | 33 ☐ | 34 ☐ | 35 ☐ | 36 ☐ |
| 37 ☐ | 38 ☐ | 39 ☐ | 40 ☐ | 41 ☐ | 42 ☐ | 43 ☐ | 44 ☐ | 45 ☐ |
| 46 ☐ | 47 ☐ | 48 ☐ | 49 ☐ | 50 ☐ | 51 ☐ | 52 ☐ | 53 ☐ | 54 ☐ |

Бюллетенди сүрөткө жана видеого тартууга жана участоктон алып чыгууга тыюу салынат!

Төрага ________________ М.О. Катчы ________________